**Бекитемин**

**Мектеп директору: А.Н.Жоробекова**

# Ж.Бокөнбаев атындагы №15 жалпы орто билим берүүчү мектебинин кыргыз тили предмети боюнча олимпиадалык топтун иш планы

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Моонөтү | Ким аткарат? |
|---|---|---|---|
| 1 | Өткөн окуу жылындагы олимпиадалык топтордун ишинин жыйынтыктарына анализ берүү | Август | Усулдук бирикме |
| 2 | А) Олимпиадалык топтордун иш планын бекитүү. Окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен иш планын түзүү<br>Б) Олимпиадалык топтун мүчөлөрүн шайлоо жана бекитүү<br>В) Жумушчу журналды түзүү | Сентябрь | Предметтик мугалим |
| 3 | Олимпиадалык топтор менен иштөөдө тесттер менен иштөөгө багыт берүү. Олимпиадага катышкан окуучуларды китеп менен камсыз кылуу<br>Тааныш эмес тексттер менен иштөөнү үйрөнүү | Октябрь, ноябрь | Предметтик мугалим |
| 4 | Аймактык, райондук, областтык олимпиадаларга катыштыруу | Ноябрь, декабрь | Предметтик мугалим |
| 5 | Окуу борборлору тарабынан тесттик китепчелерден алынган тесттер менен иштөөгө машыктыруу.<br>Интернеттен керектүү маалыматтарды пайдалануу | Декабрь, январь | Предметтик мугалим |
| 6 | Окуу китептеринен алынган тесттер менен машыктыруу | Январь, февраль | Предметтик мугалим |
| 7 | Бүтүрүүчү класстарга мамлекеттик ЖРТга даярданууга тесттик база уюштуруу | Ай сайын | Предметтик мугалим |
| 8 | Электрондук тесттер менен иштөөгө машыктыруу | Өз убагында | Предметтик мугалим |
| 9 | Олимпиаданын жеңүүчүлөрүн мектеп администрациясы тарабынан сыйлоо | Май | Мектеп администрациясы |


**Иш планды түзгөн: Н.Батырбекова**

## Олимпиада боюнча 5 жылдык маалымат

| Окуу жылы | Райондук | | Облустук | Республика |
|---|---|---|---|---|
| | 1-тур | 2-тур | | |
| **2018-2019** | 2 окуучу | Арстанбек уулу С.<br>Эшбаева 3-орун | - | |
| **2019-2020** | 2 окуучу | Атаматова 3-орун | - | |
| **2020-2021** | 1 окуучу | Атаматова 2-орун<br>Нурдинова 1-орун | Атаматова<br>4-орун | |
| **2021-2022** | | Атаматова 1-орун<br>Нурдинова 3-орун | Атаматова<br>1-орун | Атаматова |

## Ж. Бөкөнбаев атындагы №15 жалпы орто билим берүүчү мектебинин окуучуларынын кыргыз тили предмети боюнча ЖРТнын көрсөткүчү

| № | Окуу жылдары | Райондук | | | Областтык | | | | Республикалык | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | I | II | III | I | II | III | IV | I | II | III |
| 1 | 2018-2019 | | | 2 | | | | | | | |
| 2 | 2019-2020 | | | 1 | | | | | | | |
| 3 | 2020-2021 | | 1 | 1 | | | | 1 | | | |
| 4 | 2021-2022 | 1 | | 1 | 1 | | | | | | |




**Кыргыз тили мугалими: Н.Батырбекова.**

**Ж.Бөкөнбаев атындагы №15 жалпы орто билим берүүчү мектебинде өткөн предметтик олимпиаданын 1-турунун жыйынтыгы**

Предмети: Кыргыз тили

Предметтик мугалими: Батырбекова Нурзада

Класс: 9-11-б класс. Катышкан окуучулардын саны: 3

Олимпиада өткөн класс: 11-б класс

Олимпиада өткөргөн күнү: 31-октябрь

| № | Окуучунун аты, жөнү | Классы | Тестте алган упайы | Алган орду |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Нурдинова Муштарий | 9-б | 61 | 1-орун |
| 2 | Назарматова Масума | 11-б | 49 | 2-орун |
| 3 | Гайбердиева Хуршида | 11-б | 44 | 3-орун |
| | | | | |

Кыргыз тили жана адабияты боюнча олимпиаданын 1-туру

9-10-11-класстар үчүн

Окуучунун аты, жөнү Нурдинова М.

Мектеби №15 Ж. Бөкөнбаев

Мугалиминин Ф.А.А. Батырбекова Н.

---

Б) Дүйнөгө мас болуп чиренбеген ( ) токтоо жигит.

В) Атка бергис кунан бар, кызга бергис жубан ( )бар.

Г) Колуна кат тиери менен Жамийланын бети албыра ( ) түшүп, шашылып окуй баштайт.

Д) Биз жаңыдан жол тоомуна ( )келгенде, шыңгыр обон сөздү бөлдү, каратты.

2. **Төмөнкү сүйлөмдөгү асты сызылган сөзгө карама-каршы маанидеги сөздү жазгыла. "Эмес" деген сыяктуу терс формаларды колдонбогула!** ***(Жоопту асты сызылган сөздөн кийинки кашаанын ичине жазгыла. Кашаанын ичине бир гана жооп жазгыла)***

Шыңга ( ) теректер желге акырын ыргалышат.

3. **Төмөнкү фразеологизмдердин маанилерин бир сөз же бир сүйлөм менен чечмелеп бергиле.**

А) Каш карайганда – күн батканда 1

Б) Көзүн тазалоо – бетин ачуу –

В) Жаалы бетине чыгуу – жини келүү 1

4. **Төмөнкү сүйлөмдө кайсы сөз айкашы өтмө маанide колдонулган? Эскертүү: Ар бир туура эмес жооп үчүн тийиштүү балл кемитилет!**

Эрте турган адамдар көп өтпөй эле бутуна турат деген сөз ага жагып турду.

бутуна турат 1

5. **Төмөнкү тексттин тийиштүү жерлерине пунктуациялык жана орфографиялык белгилерди койгула.**
**Эскертүү: Баш тамга жана кичине тамгаларды өзгөртпөгүлө!**

Жолборс экөөбүз жакшы эле ынак жүрүп, кыш ортосунан бири -бирибизге болгон алакабыз сууй баштады, жаз алды менен алакабыз такыр эле бузулуп кетти. Көрсө иттин бала чагы кышкы күндөн да кыска экен ал бат эле чоңоюп кадыресе

# Кыргыз тили предмети боюнча тапшырмалар

## 9-10-11-класстар үчүн

### Текст талдоо (30 минут)

1. **Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү асты сызылган сөздөргө маанилеш сөздөрдү жазгыла. Уңгулаш сөздөрдү колдонбогула!** ***(Жоопторду асты сызылган сөздөрдөн кийинки кашаалардын ичине жазгыла. Ар бир кашаанын ичине бир гана жооп жазгыла)***

   А) Көч үстүндө беш көкүл кыз менен боз уландын үзөңгү кагыштырып катар бастырышы эрен эмес ( уят эмес ). 1

   Б) Дүйнөгө мас болуп чиренбеген ( ) токтоо жигит.

   В) Атка бергис кунан бар, кызга бергис жубан ( )бар.

   Г) Колуна кат тиери менен Жамийланын бети албыра ( ) түшүп, шашылып окуй баштайт.

   Д) Биз жаңыдан жол тоомуна ( )келгенде, шыңгыр обон сөздү бөлдү, каратты.

2. **Төмөнкү сүйлөмдөгү асты сызылган сөзгө карама-каршы маанидеги сөздү жазгыла. "Эмес" деген сыяктуу терс формаларды колдонбогула!** ***(Жоопту асты сызылган сөздөн кийинки кашаанын ичине жазгыла. Кашаанын ичине бир гана жооп жазгыла)***

   Шыңга ( ) теректер желге акырын ыргалышат.

3. **Төмөнкү фразеологизмдердин маанилерин бир сөз же бир сүйлөм менен чечмелеп бергиле.**

   А) Каш карайганда – күн батканда 1

   Б) Көзүн тазалоо – бетин ачуу –

   В) Жаалы бетине чыгуу – жини келүү 1

4. **Төмөнкү сүйлөмдө кайсы сөз айкашы өтмө маанide колдонулган? Эскертүү: Ар бир туура эмес жооп үчүн тийиштүү балл кемитилет!**

   Эрте турган адамдар көп өтпөй эле бутуна турат деген сөз ага жагып турду.

   бутуна турат 1

5. **Төмөнкү тексттин тийиштүү жерлерине пунктуациялык жана орфографиялык белгилерди койгула.**
   **Эскертүү: Баш тамга жана кичине тамгаларды өзгөртпөгүлө!**

   Жолборс экөөбүз жакшы эле ынак жүрүп, кыш ортосунан бири –бирибизге болгон алакабыз сууй баштады, жаз алды менен алакабыз такыр эле бузулуп кетти. Көрсө иттин бала чагы кышкы күндөн да кыска экен ал бат эле чоңоюп кадырсеc

ит болуп алды. А мен тескерисинче дагы эле бала бойдон элем. Андыктан Жолборс мени баласынтып тоотпойт, баштагыдай ары–бери тэрчитейин десем анча көңүлсүнбөйт. Жиним келгенден таяк менен капталга сайгылап, көчүккө тээп тийишип көрөм. Ошондо ал мени жаман көзү менен карайт, тааныш болбосоң көрсөтөт элем го дегендей дүгдүйүп өз ордунан турат, тоотпогон түр менен басып кетет. Шыйпаңдап атамдын бутуна үч бүгүлө жыгылат атама кошомат кылганы. Таенем өлгөндөн бери аныкында жүргөн Түмөн кайра биздикине келди эле аны менден улуусунткан ит ошого көбүрөөк жойпуланат. Кыскасы Жолборстун мага болгон ымаласы такыр өзгөрдү.

4

6. **Жогорку тексттеги тыбыш менен тамганын саны дал келбеген сөздөрдү тапкыла.**

7. **Жогорку тексттеги үндөштүктүн бузулушу орун алган сөздөрдү тапкыла.**

кадырлее, таенем

2

8. **Жогорку тексттеги атоочтон этиш жасоочу мүчө катышкан сөздөрдү тапкыла.**

9. **Жогорку тексттеги илик жөндөмөсүнүн түшүп калышы аркылуу уюшулган таандык байланыштагы сөз айкаштарын тапкыла (өз алдынча жаңы сөз айкаштарын түзбөстөн, текстте колдонулган сөз айкаштарын гана көрсөткүлө).**

жаз, бала,

2

10. **Жогорку тексттеги грамматикалык жактан сүйлөм мүчөлөрү менен байланышпаган сөздөрдү тапкыла.**

көрсө, кыскасы

2

**2-тапшырма. А. Осмоновдун "Жибек кийген эрке кыз" аттуу ырын кунт коюп окуп чыккыла жана ага карата берилген суроолорго кыска, так жооп бергиле.**

Жамгыр жаады, жамгыр жаады шатырап,
Күн күркүрөп, чарт-чурт этип чатырап, Шуу-шуу
эткен легковойдун бооруна Балчык тийип, жамгыр
суусу чачырап.

Жибек көйнөк сулууча кыз энтелейт
Жамгыр кантсин, жаба куюп эркелейт,
"Ай булганды, ай бузулду көйнөгүм,
Жайдын жааны жаабай койсо эмне?" – дейт.

Тоо алдында колхозчу ата кубанат, Жай булуту
үстү-үстүнө куралат.
"Дан көбөйүп, эрке кызым кулпуруп Жибек көйнөк
кийсе экен", – деп суранат.

*20. 12. 1945-жыл, Кой-Сары*

1. Ырдын аталышынан полисемиянын кайсы түрүн жолуктура алдыңар, аны ошол микротекстте (сапта) лингвистикалык гана кубулуш катары кароого болобу?

Бул сапта „жибек" деген метонимия бар, ал өзгөчө бир эргакты, мукамдуулукту жаратып, көркөм сөз каражаты катары да колдонулду.

5

2. Эмне үчүн биринчи куплетте тууранды сөздөр жыш колдонулду деп ойлойсуңар?

Жамгырдын катуу жаагандыгын, мындай учурдагы айлана-чөйрөнүн абалын даана, реалдуу берүү үчүн автор тууранды сөздөрдү көп колдонууга мажбур болгон.

4

3. Жамгырга карата автор кандай көркөм ыкманы колдонгон?

Жандандыруу тактап айтканда, адамдаштыруу көркөм ыкмасын колдонгон. Бул саптагы жамгыр асмандан түшкөн жөнөкөй гана суу, тамчысы эмес, ал-жандуу адамдаштырылган адам сыңдуу эркелей алган бол-гондо да кимге эркелешти билген жароокер жамгыр.

4

## Пикир жазуу (1 саат)

**1-тапшырма. Б. Усубалиевдин "Бука" аттуу повестинен алынган үзүндүнү кунт коюп окуп чыккыла жана ага карата берилген суроолорго кыска, так жооп бергиле.**

...Титиреп кетти Мурат. Балапандай тыпырап кетти. Эс тарткан күндөн тартып эле өлүм менен аралашып келет. Өлүм деген сөздү угуп келет. Көмгөнгө деле далай барбадыбы. Бала чагында деле далай барган. Бирок өлүм эмне экенин билбеген. Адамдын өлүмү деген эмне экенин түк элес алчу эмес. Тыпырап каларын гана билди. Дал ошол бала чагында билди. Жайылган буудайды кайтарып, эшиктин алдында отурган. Колунда – рогатка. Бир кезде топ чымчык учуп келип, жабыла буудайга конуп калды. Бирөө өзгөчө койкоңдойт. Мээлеп туруп, берип калды. "Быр-рр" этип уча жөнөдү чымчыктар. Бирөө уча албай калды. Сүйүнүп чуркап барган. Барган да, бир силкинип титиреп кеткен Мурат. Тыпырайт. Тыпырап жатат. Ушу тыпыраганы Мураттын эсин эңгиреткен. Учургусу келген. Колуна алган да, көккө аяр ыргыткан. Таш эте жерге түшүп, солуп жатып калган. Кайра колуна алган, башы шылк дей түшкөн. "Учсаң эми, уча гой… Оңой эле да… Учуп кетсең эми…" – Шылкылдаган башка ушинтип жалбарган Мурат. Анан балапанды башын шылкылдатып колуна бекем мыкчып алганын унутуп, аны асманга учуруп жибергендей көктү карап, кайра тыбырчылаган: "Учуп кетсең эми… Оңой эле да… Уча гой…" Ушу маалда атасы келген да: "Балапан экен да… Өлүп калган тура…" – деген башын чайкай. Урушкан эмес, урушууга дарамети жетпегендей, жөн эле ушинтип алсыз шыбыраган. Муратты караган эмес, алаканындагы башы шылкылдаган балапанды карап туруп, ушинтип шыбыраган. Билген эмес Мурат, өлүм деген чымчыкты тыпыратып учурбай коёрун билген эмес. Аны үч элес ээрчип алган: балапандын тыпыраганы, уча албай койгону, анан башы шылк дей түшкөнү. Дайыма алаканын тигиле карап калчу. Балапанды учурайын деп кармаган колунун алаканын. Ошо алаканы балапандан ажырагандан кийин ысып чыккан. Дем алып, кандайдыр бир өзгөчө жалын бүрккөндөй болгон. Ооба, алаканы кадимкидей эле дем алган.

1. Мурат көзү менен эмнелердин сүрөттөрүн тартып алып, аларды өзү менен кошо алып жүрөт? Эмне үчүн?

Балапандын тыпыраганын, анын уча албай койгонун, башы шылк дей түшкөнүн тартып алган. Бул Мураттын эркине баш ийбейт.

3.Текст кайсы стилде жазылган, анын ошол стилде жазылгандыгын кантип далилдээр элене?

Колдонулган тилдик каражаттары, тексттин максаты, жанры (формасы) аркылуу жогорудагы тексттин көркөм стилде жазылгандыгын далилдесек болот. 5

4. Текстте канча Мурат бар, алар кимдер, бир эле кишиби?

Текстте эки Мурат бар. Бала Мурат жана Чоң (азыркы) Мурат. Бир эле киши, бирок жан дүйнөлөрүндө айырмачылык бар экени айкын болуп турат. 5

2. Сүйлөмдөрдүн түзүлүшүнө көңүл бургулачы, эмне үчүн ушундай түзүлүштөгү сүйлөмдөр колдонулган деп ойлойсунар?

Негизинен, жөнөкөй сүйлөмдөр колдонулган. Алар үзүлүп, аягына чыкпай калгандай таасир калтырат. Тексттин мындайча түзүлүшү баланын ички үйгү-түйгүсүнө, психологиялык ал-абалына, чыңалуусуна дал келет. 5

3. Мурат эмне үчүн балапанды өлтүрө атты?

Муратта чымчыктарды атайын, өзгөчө бирөөсүн өлтүрө атайын деген ой жок болчу, болгону, кайтарып отурган буудайынан чымчыктарды учуруп жиберейин деген. Таш тийсе балапандын өлүп каларын жөнүндөгү ой Мураттын үч уктаса да түшүнө кирбеген эле. Мурат балапан чымчыктай эле балапан болчу. 5

4. Эмне үчүн Мурат дайыма алаканын тигиле карай берет. эмне үчүн анын алаканы ысый берет? Чоң Мурат азыр алаканын карап. анын ысыганын сезет болду бекен?

Мурат алаканындагы башы шылкыйган балапанды карап шыбырагандан. Аны үч эле нерсе өрчүп алган: балапандын тырпырагандай, үчү албай койгону, анын башы шылк дей түшкөнү. Балапанды учурайын деп кармаган колунун алаканына тиктеп карап калчу. Ошол алаканы балапандан ажырагандан кийин ысып чыккан. 5

5. Окуялар кандай ык-амалда жайланышкан, берилген деп ойлойсунар?

Окуя ретроспективдик жайланыш ыкмасында берилген, анткени мында эске салуу, башынан кайра түшүү ыкмасы колдонулган, мындай окуяны артка кайруу ыкмасы ретроспективдик ыкма болуп саналат.

5

6. Эмне үчүн жазуучу балапандын өлүмүн ушунчалык майдалап жазган?

Мындайча баяндап берүүнү оқол учурдагы жагдай - Бала Мураттын өлүм эмне экенин биринчи жолу жон териси менен сезип, жан алакетке түшкөнү - талап кылып турат.

5

7. Автор кандай көркөм сөз каражаттарын, көркөм ыкмаларды колдонгон, тексттен алынган мисалдар аркылуу далилдеп көрсөткүлө.

Көркөм ыкмалардан кайталоону, сүйлөм мүчөлөрүнүн адаттан тыш орун тартибин колдонгон (титиреп кетти Мурат, Барган да, бир силкинип титиреп кеткен Мурат ж.б; тырпырайт, тырпырап жатат, Эшү тырпыратканы Мураттын эсин эңшереткен ж.б; Көркөм сөз каражаттары, тырпыроо, „быр-р", силкинип титироо ж.б)

5

8. Эмне үчүн атасы Муратты урушкан жок деп ойлойсунар?

Мунун эки себеби бар: биринчиден, балапандын өлгөнүн билгенде өлүм эмне экенин билген кыраакы ата өзү да селт этип, дапкаарып, эмне дээрин билбей калды; экинчиден, баласынын жан айласы кетип куйпөлөктөп жатканын көрүп аны ого бетер сындыргысы келген жок, ансыз деле бала мындан чоң сабак алганын түшүндү.

5

9. Тексттеги негизги идеяны эмнеден көрөсүнөр?

Баланын ойгонушунан көрүүгө болот. Буга чейин өлүм дегенди көп эле угуп, а түгүл, ага аралашып эле жүргөн бала бүгүн гана өлүмдүн эмне экендигин чындап билип отурат. Муну аң-сезимдин, өзгөчө жан дүйнөнүн ойгонушу катары кароо абзел.

5

**2-тапшырма. А. Осмоновдун “Жибек кийген эрке кыз” аттуу ырын кунт коюп окуп чыккыла жана ага карата берилген суроолорго кыска, так жооп бергиле.**

Жамгыр жаады, жамгыр жаады шатырап,
Күн күркүрөп, чарт-чурт этип чатырап, Шуу-шуу
эткен легковойдун бооруна Балчык тийип, жамгыр
суусу чачырап.

Жибек көйнөк сулууча кыз энтелейт
Жамгыр кантсин, жаба куюп эркелейт,
“Ай булганды, ай бузулду көйнөгүм,
Жайдын жааны жаабай койсо эмне?” – дейт.

Тоо алдында колхозчу ата кубанат. Жай булуту
үстү-үстүнө куралат.
“Дан көбөйүп, эрке кызым кулпуруп Жибек көйнөк
кийсе экен”, – деп суранат.

*20. 12. 1945-жыл, Кой-Сары*

1. Ырдын аталышынан полисемиянын кайсы түрүн жолуктура алдыңар, аны ошол микротекстте (сапта) лингвистикалык гана кубулуш катары кароого болобу?

Бул сапта „жибек" деген метонимия бар, ал өзгөчө бир сулуулукту, жыйнактуулукту жаратып, көркөм сөз каражаты катары да колдонулду.

5

2. Эмне үчүн биринчи куплетте тууранды сөздөр жыш колдонулду деп ойлойсуңар?

Жамгырдын катуу жаагандыгын, ошондой учурдагы айлана-чөйрөнүн абалын даана, реалдуу берүү үчүн автор тууранды сөздөрдү көп колдонууга мажбур болгон.

4

3. Жамгырга карата автор кандай көркөм ыкманы колдонгон?

Жандандыруу тактап айтканда, адамдаштыруу көркөм ыкмасын колдонгон. Бул саптагы жамгыр асмандан түшкөн жөнөкөй гана суу, тамчысы эмес, ал-жандуу адамдаштырылган адам сыңдуу эркелей алган балгандо да кимге эркелешти билген жароокер жамгыр.

4

**Ж.Бөкөнбаев атындагы №15 жалпы орто билим берүүчү мектебинде өткөн предметтик олимпиаданын 1-турунун жыйынтыгы**

Предмети: Кыргыз тили

Предметтик мугалим: Батырбекова Нурзада

Класс: 8-б класс. Катышкан окуучулардын саны: 3

Олимпиада өткөн класс: 8-б класс

Олимпиада өткөргөн күнү: 25-октябрь

| № | Окуучунун аты, жөнү | Классы | Тестте алган упайы | Алган орду |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Нурдинова Муштарий | 8-б | 54 | 1-орун |
| 2 | Саидмахмудова Зарина | 8-б | 40 | 3-орун |
| 3 | Сабиржанова Дилшода | 8-б | 42 | 2-орун |
| | | | | |

Шаршемахмудова 3.



# Лексика Грамматика

## Бош орундарды тиешелүү сөз менен толтургула.

(*Ар бир туура жоопко бир баллдан берилет*)

**1. Бишкек.... Турусбеков көчөсүндө Кыргызстандын Эл аралык университети жайгашкан.**

А. шаары б. шаарда в. шаардын г. шаарынын

**2. ........эжеси быйыл аспирантурага өттү.**

А. аны б. анын в. ал г.ага

**3. ........ар бири озүнчө кызыктуу.**

А. кесиптерден б. иштерден в. кесиптердин г. иштерди

**4. Көптөгөн..... ичинен Жаңы жыл майрамы – улуу майрам.**

А. майрамдардан б. майрамдардын в. майрамдарды г. майрамдарда

**5. Нооруз – бул бүткүл...... жаңы жыл майрамы.**

А. кыргыздарды б. мусулман элинен в. дүйнө элине г. мусулман элинин

**6. Ноорузга карата даярдалган ......ичинен өтө сыйлуусу, өтө ширелүүсү сүмөлөк менен чоң көжө болгон.**

А. суусундуктардын б. ширелердин в. тамактардын г. жашылча- жемиштердин

**7. Тушоо кесүү тоюнда чогулган ..... алдында кадыр-барктуу карыя тушоосу кесиле турган баланын буттарын ала жип менен байлайт да, чогулган балдарды 40-5-м. Аралыктан чуркатып жарыштырат.**

А. адамдарды б. элдин в. калкты г. элден

**8. Белгилүү легендада чычкан .... өркөчүнө чыгып алып, келаткан жылды биринчи көрүп, жыл башы болуп калыптыр.**

А. төөнүн б. доңуз в. уй г. жолборс

**9. Ийнеси жок, жиби жок, .... терезесине сайма саят.**

А. үйдүн б. мөндүр в. саймачы г. кол өнөрчү

## Окшоштуктарды тапкыла.

(*Ар бир туура жоопко бир баллдан берилет*)

**10. тилмеч : котормочу**

а) ашпоз : даамдуу б) илимпоз : аалым в) сөздүк : лексика г) багбан : агроном

**11. жээрде : кызыл**

а) тору: күрөң б) ала-була : чымкый в) боз : күңүрт г) тунук : ачык

**12. тез: бат**

а) акырын : жайбаракат б) тил : тилмеч в) акыл : эс г) ыкчам : ылдам

**13. асыл тукум : таза кандуу**

а) олбурлуу : салабаттуу б) ойлуу : ачуулуу

в) мамлекет : эгемендүү г) сасык : жыттуу

**14. жылкычы : кесип**

а) бутак : дарак б) макал : сөз в) үндүү : тыбыш г) кызматкер : жумушчу

**15. тил үйрөнүү : курс**
а) кулинария : таттуу б) машыгуу : фитнес
в) ыр жазуу : блокнот г) айдоочулук : күбөлүк
**16. уулуу : заардуу**
а) каардуу : ачуулуу б) сараң : зыкым в) сулуу : серт г) чоң : ири
**17. лексика : сөз**
а) морфология : грамматика б) чет тили : сөздүк
в) фонетика : фонология г) акустика : үн
**18. көмөк : жардам**
а) белек : сыйкыр б) маселе : эреже в) таттуу : даамдуу г) даам : тамак
**19. дарак : арча**
(а) чычырканак : бадал (б) куш : бүркүт (в) балык : чабак (г) гүл : жоогазын
**20. кыш : кар**
(а) кайгы : капа (б) кол чатыр : жаан (в) компас : түндүк (г) кубаныч : жылмаюу
**21. жип : кездеме**
(а) жыгач : үстөл (б) кирпич : дубал (в) тасма : бант (г) чыбык : себет
**22. климат : жаан**
(а) букет: гүл (б) рельеф : ТОО (в) мезгил : кыш (г) булут: чагылган
**23. жоготуу : табуу**
(а) кол салуу : коргонуу (б) жоголуу : уурдоо
(в) баш тартуу : чакыруу (г) сатуу : түгөтүү
**24. кычкылтек : аба**
(а) алтын : шакек (б) темир : кен (в) көмүр : шахта (г) сүт : быштак
**25. дыйкан : орок**
а) күрөк : жумушчу б) булгары : өтүкчү в) мурап : кетмен г) калем : акын
**26. туз : тамак**
а) цемент : бетон б) ширеңке : от в) ун : камыр г) кумшекер : чай
**27. асман : көк**
а) ай : шоола б) байрак : асаба в) жылдыз : жарык г) күн : ысык
**28. уят : кызаруу**
а) ый : азаптануу б) ой : унчукпоо в) бармак : тиштөө г) оору : онтолоо
**29. бөлүм : лексика**
а) азап : кайгы б) курак : жеткинчек в) велосипед : мопед г) күч : динамика
**30. жазуу : барак**
а) чийүү : черчение б) окуу : лекция в) чабуу : балта г) боёо : кыл калем
**31. көзө : чопо**
а) көөкөр : тери б) китеп : барак в) үй : дубал г) дарак : жалбырак
**32. булак : дарыя**
а) жыгач : кагаз б) гүл : өсүмдүк в) кум : таш г) чаң : топурак
**33. бакыт : кубаныч**
а) бакыт : белек б) бакыт : балдар в) бакыт : кайгы г) бакыт : көз жаш
**34. грамм : килограмм**
а) ай : күн б) урук : дарбыз в) жылдыз : асман г) сом : карыш

________________ да, ______________ да чуркаса болот. Эгерде _______________ чуркаган ыңгайлуу болсо, анда _________________ чурка. _______________ ыңгайлуу болсо – _______________ чурка. Бир гана нерсе эсиңерде болсун! ________________ уйкудан тургандан кийин ____________ минуттан ______________ убакыт өткөндө чуркагыла. Ал эми _______________ чуркасаңар, _______________ тамактануудан кийин ___________________ саат убакыт өтсүн. Чуркоо убагында _____________ дем алуу керек, ____________________ дем алып, ____________________ дем чыгарган туура.

## Жазуу

(***Ар бир туура сөзгө туура жазылган сөзгө бир баллдан берилет. Баары туура болсо 12 упай берилет.***)

**Сөздөргө -*ды* мүчөсүн улап жазгыла.**

Станциялар... , жөндөмдүүлүгүңүз..., окуган..., кабарлар..., маалыматтар ..., бирөө..., сөздөр ..., каталар ..., текст..., сайт..., тил..., үйрөнүү... .

Станцияларды, жөндөмдүүлүгүңүздү, окуганды, кабарларды, маалыматтарды, бирөөдү, сөздөрдү, каталарды, тексттерди, сайтты, тилди, үйрөнүүнү

## Эссе.

| | | |
|---|---|---|
| 1 | **Мазмундун толук чагылышы:** тапшырма толук аткарылып, мазмун айкын ачылса | 5упай |
| 2 | **Эссенин структуралык бүтүндүгү:** киришүү, негизги, жыйынтыктоочу бөлүмдөр байланышып, автордун идеялары так, түшүнүктүү берилсе | 5 упай |
| 3 | **Сабаттуулугу:** сүйлөмдөрдүн түзүлүшү так болуп, стилистикалык, пунктуациялык жана орфографиялык жактан туура жазылса | 5упай |
| | ***Жыйынтыгы*** | **15 упай** |

### «Манас» эпосундагы элдик медицина

Кыргыз эли байыркы көчмөн турмунунан бери эли элдик медицинаны кеңири колдонуп келишкен. Кыргыз элдик медицинасында кан алуу, сүлүк салуу, тамыр кармоо, ысыктоо, укалоо, дары чөптөр менен дарылоо жана башка ыкмаларды колдонуп келишкен. Андан сыркары, элдик хирургия болгондугу да белгилүү. Мисалы, сынган сөөккө шакшак коюу, жөнөкөй операцияларды жасай билүү ж.б.

Кыргыздын элдик медицинасы байыркы мезгилден азыркы күнгө чейин кеңири колдонуп келе жаткандыгы баарыбызга белгилүү. Анткени, "Манас" эпосунун саптарынан дары чөптөр, минералдык заттар, элдик хирургиялык аспаптар жана башкалар жөнүндө маалымат алууга болот. Мисалы, "Манас" эпосунда чар

дары деген дары кездешет. Чар дары бир нече дары чөптүн кайнатмасынан жана 4-5 түрдүү тамырдын майда ийленген аралашмасынан жасалган.

*Алты-жети жан аяк,*
*Чар дары кылып жуткурса,*
*Казактардын Эр Көкчө,*
*Умачтай көзү ачылды,*
*Ооруган жери басылды.*

Эпосто апийим тууралуу да маалымат бар. *Мисалы, Манаска уу берип коюшканда ал эс-учун билбей өлүм алдында жатат. Ошондо ага уунун күчүн тарата турган дары беришет. Ал дарыны Сейид Жалал ад-Дин аттуу адам Манастын оозуна бир күндө бир тамчыдан куюп отуруп, 10 күн дегенде Манас көзүн ачат.*

Бул дары тирьяк деп аталат да, уунун күчүн тарата турган дары, апийим катары түшүндүрүлөт.

"Манастын" саптарынан дары чөптөрдөн тышкары жаныбарлардын этинен жана ички органдарынан даярдалган дарылар тууралуу да айтылат. Мисалы, кийиктин баласынын эти, кажырдын өтү, кашкулактын өтү да элдик медицинада колдонуп келгендиги эскертилет:

Кажырдын өтү барбы деп,
Сурап жүргөн андан көп.

"Манастагы" элдик медицинада элдик хирургиялык аспаптар жөнүндө да маалыматтар кездешет. Алсак, картык, тинтүүр, шакшак ж.б.
Картык бузулган канды сордуруп алуу үчүн колдонулган. Ал жаныбарлардын мүйүзүнөн жасалган түтүкчө.

Демек, көчмөн кыргыз элинин элдик медицинасы "Манас" эпосунда кеңири чагылдырылган. Азыркы күнгө чейин элдик медицинада колдонулуп келе жатат.

**Маалыматтар:**

1) **Дарыгер Сапарбаева Айнура:** *"Коомчулук арасында элдик медицина менен дарылангандар көп эле кездешет. Бирок аны менен толук оорудан айыгуу мүмкүн эмес. Мисалы, сасык тумоону(грипп) алалы. Эгер ал жаңыдан гана башталып, дарттын биринчи белгилери байкалганда сууну көбүрөөк ичип, ысык сүт, бал менен дароо айыктырса болот. Ал эми илдет өтүшүп кеткенде элдик медицина аны жеңилдетиши гана мүмкүн, бирок толук дарылай албайт. Бул учурда сөзсүз дарыгерге кайрылуу керек. Анткени сасык тумоо инфекциялык илдет".*

2) **Элдик дарыгер (табып) Айткулова Жамийла:** *"Менин билишимче, элдик медицина б.а. тибет ыкмасы менен бардык ооруларды дарылаcа болот. Жеке менин колумдан операциядан кийин келип дарылангандар көп эле болду. Буюрса, баары эле жакшы. Ооруканада жатканда түрдүү дары, уколдорду алууга туура келет. Дарыларда химикат болгондуктан, анын 30 пайызы боордо калат. Бир жерге пайда болсо, экинчи жерине чоң зыян алып келиши мүмкүн".*

**"Элдик медицина менен ооруну толук айыктырууга болобу?" деген суроого өз көз карашыңарды билдиргиле. Жогорку маалыматтарды пайдалангыла. Конструкциянын негизинде көз карашыңарды далилдегиле.**

**Конструкция**

Менин жеке көз карашымда, ______________________________ ооруну толук йыктырууга болот/болбойт. Себеби дарыгер ___________________ айткандай ________________________________________________________ деп ойлойм.

Мисалы, ____________________________ (*турмуштук мисалдардан айтып бергиле*)

| | | |
|---|---|---|
| 1 | **Мазмундун толук чагылышы:** тапшырма толук аткарылып, мазмун айкын ачылса | ____ упай |
| 2 | **Эссенин структуралык бүтүндүгү:** киришүү, негизги, жыйынтыктоочу бөлүмдөр байланышып, автордун идеялары так, түшүнүктүү берилсе | ____ упай |
| 3 | **Сабаттуулугу:** сүйлөмдөрдүн түзүлүшү так болуп, стилистикалык, пунктуациялык жана орфографиялык жактан туура жазылса | ____ упай |
| | ***Жыйынтыгы*** | ____ упай |

| Бош орундарды тиешелүү сөз менен толтургула | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1. | а | б | в | г |
| 2. | а | б | в | г |
| 3. | а | б | в | г |
| 4. | а | б | в | г |
| 5. | а | б | в | г |
| 6. | а | б | в | г |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 7. | а | б | в | г |
| 8. | а | б | в | г |
| 9. | а | б | в | г |
| **Окшоштуктарды тапкыла.** | | | | |
| 10. | а | б | в | г |
| 11. | а | б | в | г |
| 12. | а | б | в | г |
| 13. | а | б | в | г |
| 14. | а | б | в | г |
| 15. | а | б | в | г |
| 16. | а | б | в | г |
| 17. | а | б | в | г |
| 18. | а | б | в | г |
| 19. | а | б | в | г |
| 20. | а | б | в | г |
| 21. | а | б | в | г |
| 22. | а | б | в | г |
| 23. | а | б | в | г |
| 24. | а | б | в | г |
| 25. | а | б | в | г |
| 26. | а | б | в | г |
| 27. | а | б | в | г |
| 28. | а | б | в | г |
| 29. | а | б | в | г |
| 30. | а | б | в | г |
| 31. | а | б | в | г |
| 32. | а | б | в | г |
| 33. | а | б | в | г |
| 34. | а | б | в | г |
| **Сүйлөмдөрдү толуктагыла.** | | | | |
| 35. | а | б | в | г |
| 36. | а | б | в | г |
| 37. | а | б | в | г |
| 38. | а | б | в | г |
| 39. | а | б | в | г |
| 40. | а | б | в | г |
| **Окуп түшүнүү.** | | | | |
| 41. | а | б | в | г |
| 42. | а | б | в | г |
| 43. | а | б | в | г |
| 44. | а | б | в | г |
| 45. | а | б | в | г |
| 46. | а | б | в | г |
| 47. | а | б | в | г |
| 48. | а | б | в | г |
| 49. | а | б | в | г |
| 50. | а | б | в | г |
| **Угуу** | | | | 9 |
| **Жазуу** | | | | 3 |
| **Эссе** | | | | 9 |

13

22.


Angel

